КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**28-март 2025-жыл № 3** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Аук айылына бала бакча курууга жер аянтын ажыратуу жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 28.03.2025-жылдагы № 01-17/258 сандуу катындагы, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12, 27 жана беренелерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жерлерди пайдалануу тартиби жөнүндө” мыйзамынын 6 жана 7-беренелерине ылайык, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Аук айылында жайгашкан № 10 Үй-бүлөөлүк дарыгерлер тобунун балансасындагы 0,18га жер тилкеси жана Мундуз маданият үйүнүн балансасындагы 0,18га жер тилкеси бала бакча куруу үчүн бириктирилип, жалпы 0,36га жер тилкесин ажыратуу жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловдорго милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**